УДК 947. 1/. 9 (575.2)

Муканбетова Р.Б., Кангелдиев Б.С.
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# СТУДЕНТ ЖАШТАРДЫН СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ БАГЫТЫ

*Бул макалада студент жаштардын социалдык-саясий багыты жана ага таасир этүүчү социомаданияттык өзгөчөлүгү, студент жаштардын саясатка болгон катышуусу каралат.*

Бүгүнкү күндө мурунку СССРдин курамындагы өлкөлөрдүн көзкарандысыз өз алдынча мамлекеттер болушу менен адамзат коомунун бардык чөйрөлөрүндө бир топ өзгөрүүлөр болууда. Мисалы, социалдык-экономикалык, саясий жана маданий чөйрөлөрдө. КМШнын башка өлкөлөрүндөй эле Кыргызстанды дагы бул өзгөрүүлөр кучагына алууда.

Биздин өлкөдө болуп жаткан кайра түзүү процесстери массалык аң-сезимде, өзгөчө адамзат баалуулуктарында көрүнүктүү алга жылуулар болуп жатканын көрсөтүп жатат. Муну саясий жана социалдык программаларды иштеп чыгууда эске алуу зарыл. Баарыбызга белгилүү болгондой, тереңдеп жаткан дифференциация жана биздин өткөнгө, бүгүнкү күнгө баа берүүбүз, келечекте социалдык өнүгүүнүн мүмкүн болгон жолдору жөнүндөгү ар кандай позициялардын кагылышуусу ар кандай социалдык группалардын баалуулуктарын анализдөө зарылчылдыгына өбөлгө түзөт. Мындай социалдык группалардын ичинен жаштар коомдогу перспективалуу жана динамикалуу социалдык демографиялык группа болуп кала берет.

Азыркы күндө көп партиялуулук шартында, аларды улам пайда болуп жаткан партиялардын, ар кандай коомдук уюмдардын, кыймылдардын социалдык базасы катары карап жатат. Ал эми азыркы кездеги жаштардын саясий багытынан, баалуулуктарынан бардык элдердин келечектеги социалдык-экономикалык, саясий, руханий жашоосу көзкаранды. Мындан күмөн саноого болбойт. Бул туурасында англиялык окумуштуулар британ жаштарынын көзкараштарын изилдөө менен төмөндөгүдөй дешкен: “Жаштар өздөрү өзгөрүү менен, өздөрү жашаган коомду дагы өзгөртөт. Бул өзгөрүүлөрдүн формасын, мүнөзүн жана жаратылышын түшүнүү үчүн, биз жаштар эмнелер жөнүндө ой жүгүртүшөт, жашоодо эмнени баалашат, айлана-чөйрөгө болгон мамилеси, келечекте эмнеге умтулушат жана ага кантип аракет кылышат”, мына ушуларды билүүбүз керек дешкен[1]. Ошондуктан тигил же бул партиянын, коомдук уюмдун, кыймылдардын калыптануусунда жеке керт баштын кызыкчылыгын эмес, жалпы эл массасынын кызыкчылыктарын эске алуу зарыл.

Коомдун социалдык-саясий стабилдүүлүгү же тескерисинче болуусу жаштардын өткөн тарыхыбыздан кандай тажрыйбаларды алат жана эмнелерден баш тартат жана эмнени алып келет ошого жараша болот. Негизинен алардын саясатташуу механизмине ылайыктуу болот, башкача айтканда жаштардын саясий ишмердүүлүктүн активдүү субъектиси болушуна байланыштуу.

Өзгөчө жаштардын арасынан студент жаштар коомдун активдүү бөлүгү болуу менен болуп жаткан кайра түзүүлөргө активдүү катышууда. Алардын баалуулук ориентациясы формативдик фазада, башкача айтканда коомдо болуп жаткан процесстер үйбүлө, тарбия жана билим берүү системасы аркылуу калыптанат. Студенттердин саясатка болгон ориентациясы, көзкарашы алардын жогорку окуу жайына келгенде эле үйбүлө, мектеп жана башка институттун натыйжасында белгилүү бир деңгээлде калыптанган саясий багытка ээ экендигин билебиз.

Билим берүү системасы адам баласынын жашоо тиричилигинде өзгөчө ролду ойнойт. Билим алууга умтулуунун өзү эле азыркы күндө улуттук байлыктын бирден-бир элементи болуп саналат. Билим берүү адам баласынын жашоо жолун тандап алуунун

негизги фактору. Бирок, бул жашоонун жолун тандап алуу факторунун толук картинасын түзүүдөн мурда, билим берүү, ЖОЖдун ролунан мурда, студент жаштардын өзүнө көңүл буралы.

Студент – деген бул ким? Студенттер – булар жашоонун, эмгек кылуунун өзгөчө шартына, социалдык жүрүм-турумга, психологияга, баалуулук ориентациясынын системасына ээ болгон өзгөчө социалдык группа.[3]

Булар жаштардын арасынан салыштырмалуу түрдө билимдүү бөлүгү болуп саналат. Өздөрүнүн жалпы максаты, коомдук иштерге катышуусу студенттердин өзүнчө активдүү социалдык группага биригүүсүнө шарт түзөт. Студенттердин дагы бир мүнөздүү өзгөчөлүгү – алардын интенсивдүү түрдөгү пикир алмашуулары. Жаштардын бул бөлүгү коомдогу кайра түзүүлөргө, жаңы идеяларга умтулуусу менен айырмаланат. Жаштардын жашоо турмушундагы ушул кичинекей убакыт, мезгил болгон – студенттик турмушта алардын дүйнөгө болгон көзкарашы, саясий ишеними, граждандык сапаты калыптанат. Ошондой эле коомдук-саясий, өз алдынча уюмдарга мүчө болуп кире башташат. Мисалы, мурунку союздук республика болгон Кыргызстанда саясий плюрализмдин эң алгачкы саамалыктары 1987-1988-жж. жаштар газетасынын, ЖОЖдун базасында пайда болгон жаштардын дискуссиялык клубдары болгон. Бул клубдардын көпчүлүгү комсомолдук уюмдардын жетекчилиги астында өнүккөн. Клубдардын иши саясий мүнөздө болуу менен, алардын кеңешмелеринде Кыргызстандын андан ары өнүгүүсү жөнүндөгү саясий дискуссиялар талкууланган. Ал эми 1989-жылдан баштап кыргыз жаштарынын өз алдынча уюмдары калыптана баштайт. Төмөндө биз жаштардын баалуулук багытына таасир этүүчү социомаданиятка турага көңүл бурсак.

Совет бийлигинин жылдарында калыптанган стереотиптердин бири – бул Орто Азия аймагынын командалык-административдик структуранын таянычы катары кабыл алынышы. Бул стереотиптин калыптанышынын жана кубатталышынын бир канча себеби бар. Алардын ичинен эң маанилүү эки себебин алалы. Биринчиден, бул аймактарда саясий процесстердин жай өнүгүшү, экинчиден, Орто Азияны монолиттик территория катары көрсөткөн расмий концепциянын өкүм сүрүшү. Бул эки шартта тең аймактын өнүгүү өзгөчөлүктөрү бааланган эмес. Орто Азия элдеринин жашоо турмушунда салт (традиция) проблемалары эң негизги орундарды ээлейт. Бизге белгилүү болгондой, мурунку Орто Азия республикаларынын ар бири саясий реформалардын өнүгүү темптери, мүнөзү боюнча айырмаланат. Орто Азия республикаларындагы башка элдерден айырмачылыгы, кыргыздар көчмөн калк болгон. Көчмөнчүлүк алардын эркиндикте, эркин ойлонуу, эркин сүйлөө духунун калыптануусуна шарт түзгөн. Ошондуктан кыргыздар тез эле демократиялык тенденцияларды кабыл алышты. Бирок толугу менен эмес. Анткени биз азыр өткөөл мезгилде жашап жатабыз. Ошол себептен демократиялык тенденцияларды толук кабыл алуу үчүн бизге белгилүү бир убакыт талап кылынат.

Республикада демократиялык коомго кадам шилтөө - башкаруунун президенттик формасынын киргизилиши менен байланыштуу. Орто Азия региондо Кыргызстан демократиялык республика катары таанылa баштады. 1991-жылы жаз айында Бишкекте Орто Азия жана Казахстандын демократиялык кыймылдарынын конгресси чакырылган жана Адилет Министрлигинде каттоодон өткөн.

Кыргызстанда бүгүнкү күндө көптөгөн массалык, коомдук, саясий партиялар бар. Мисалы: “Кыргызстан демократиялык кыймылы”, “Ата – Мекен”, “Ар намыс”, “Эрк”, “Агрардык партия” ж.б. Расмий түрдө каттоодон өткөндөрдүн саны – 90. Бул партиялар үчүн приоритеттүү болуп эмне эсептелет? Бул кыргыз элинин кызыкчылыктарын коргоо, республикалык экономикалык кайра түзүүлөр, улуттук ишкерлердин өсүп чыгуусу ж.б.

Азыркы күндө студенттердин аң сезиминин идеялык саясий бышып жетилүүсү, калыптануусу карама-каршылыктуу этапта турат, б.а., мурунку эски идеологиялык саясий стереотиптерден баш тартуудан же биздин коом үчүн жаңы саясий – баалуу багыттардан, ой толгоолордон, жогорку социалдык-саясий сезимдин пайда болушун кабыл алуунун

ортосунда турат. Студенттер ар түрдүү саясий группалардын, кыймылдардын жана партиялардын көмөк көрсөтүүсү менен алар күмөндөр болууда. Анткени, студенттер проблемалуу социалдык группалардын бири болуу менен коомчулукту саясий, социалдык-таптык ж.б. структуралардын элементтери менен татаал байланышта жана ички динамикалык өзгөрүүлөргө дуушар болот. Ошондой эле студенттер интеллигенттердин калыптануусуна жана коомдук социалдык-саясий мамилелердин өнүгүүсүнө таасир тийгизет. Студент социалдык-саясий мамилелерге өзүнүн субмаданияты, саясий, адептик жана эстетикалык багыты бар белгилүү бир социалдык группанын өкүлү катары катышат.

Студенттердин коомдук саясий турмушуна катышуусун социологдор 3 көрсөткүч боюнча баалашкан:

1 – саясий окуяларга болгон кызыгуу;

2 – массалык маалымат каражаттары тарабынан берилген жаңылыктарга көңүл буруу;

3 – саясий ишмерлер туурасындагы билим.

Алар “Республикадагы коомдук-саясий проблемалар сизди кызыктырабы” деген суроо менен кайрылган. Натыйжада, “абдан кызыктырат – 14%, кызыктырат – 59%, аз кызыктырат – 24%. Ал эми таптакыр кызыктырбайт – болгону 2%”.

Демек, студенттер коомдун саясий турмушуна активдүү катышат деп жыйынтыктасак болот. Мурунку жылдарга салыштырмалуу студенттер көбүрөөк саясий тажрыйбаларга ээ болууда. Алардын саясий кызыкчылыктары ар түрдүү жана туруктуу.

**Адабияттар**

1. Сагынбаева А.О. Социально-политические ориентации студенческой молодежи Кыргызстана. -М., 1992.
2. Волкова Л.П. Формирование и развитие ценностной ориентации студентов как будущих специалистов. -Воронеж, 1986.
3. Лисовский Л.Т., Дмитриев А.В. Личность студента. -Л., 1974, с. 45.